Орозалиев Алымкул Абдикеримовичтин **“Баткен областынын суу - жер ресурстарынын колдонулушун баалоо, коргоо жана анын көйгөйлүү маселелери”** деген темада 25.00.36 – геоэкология адистиги боюнча география илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган диссертациялык ишине расмий оппоненттин

## ПИКИРИ

1. **Тандалган теманын актуалдуулугу жана анын жалпы илимий, мамлекеттик программалар менен байланыштуулугу (илим менен техниканын практикасынын жана өнүгүүсүнүн өтүнүчү).**

Изилденип жаткан Баткен областы Кыргыз Республикасынын түштүк батыш тарабында жайгашкан жана географиялык жактан алып караганда ариддик зонага кирет. Азыркы учурда суу ресурстарын пайдалануу күнүмдүк жашоо тиричиликте, өндүрүштө, айыл чарбасында туура колдонулуп жаткандыгы кандайдыр бир деңгээлде олуттуу көйгөйлөрдү жаратып келе жатат.

Андан сырткары ар бир аймактын дарыя агымдарына баа берүүдө физикалык-географиялык факторлордун тийгизген таасирлерин чечмелөө аймак үчүн өтө маанилүү.

Жаратылыш ресурстарынын ичинен изилденип жаткан аймактагы суу - жер ресурстарын сарамжалдуу иштетүү жана айлана-чөйрөнү коргоо негизги багыттардын авангарды десек болот.

Себеби, суу-жер байлыгы Баткен областынын экономикасын жана жергиликтүү калктын социалдык абалын жакшыртуудагы негизги ресурс болуп саналат.

Ошондуктан аймакта суу - жер ресурстарын туура үнөмдүү жана сарамжалдуу пайдалануунун зарылчылыгы келип чыкты.

Ошондой эле азыркы мезгилде климаттын өзгөрүүсүнө жараша жаратылыш компоненттеринин өзгөрүүсү байкалаарлык деңгээлге жетти. Анын ичинен суу - жер ресурстары изилденип жаткан аймак үчүн табигый жактан өтө маанилүү.

Климаттын өзгөрүүсүнө карата аймактын айыл чарбасындагы жер реформаларын ишке ашыруу суу - жер ресурстарын экологиялык жактан коргоо жана экосистемасын сактоо бүгүнкү күндө өтө актуалдуу.

Изденүүчүнүн бул тема боюнча биринчи жолу жаңы теориялык багытта изилденип жаткандыгы география илимине Баткен областы үчүн чоң илимий жаңылык деп эсептейм.

**2. Илимий иштин диссертациялык кеңештин профилине жана адистигинин паспортуна дал келүүсү.**

"Баткен областынын суу - жер ресурстарынын колдонулушун баалоо, коргоо жана анын көйгөйлүү маселелери" деп аталган Орозалиев Алымкул Абдикеримовичтин география илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган диссертациялык иши И.Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университети менен Ош мамлекеттик университетине караштуу география илимдеринин доктору (кандидаты) окумуштуулук даражасын коргоо боюнча түзүлгөн Д.25.24.698 диссертациялык кеңешинин профилине дал келет.

**3.Диссертацияларга коюлган талаптардын чегиндеги илимий жыйынтыктар.** Диссертациялык изилдөөдөн алынган илимий жаңылыктары төмөнкү багыттагы иштерди аткарууда маанилүү:

1). Аймактын бийиктик алкактар боюнча суу - жер ресурстарынын түзүлүшүнө географиялык мыйзам ченемдүүлүктүн алкагында изилдөө жүргүзүү;

2). Аймактын суу ресурстарын сандык жактан баалоо жана азыркы колдонуп жаткан көлөмүнүн көйгөйлөрүн анализдөө;

3). ГИС (***GRASS GIS***) ыкмасынын негизинде бүгүнкү күндө изилденип жаткан аймактын карталарын (жылдык нымдуулуктун, жылдык буулануунун, атмосфералык жаан-чачындын, климаттын типтери, топурактын картасы, айыл чарбасынын жер ресурстарынын картасы, аймактын экологиялык картасы жана климаттын өзгөрүүсүнө карата Баткен областынын аянтынын 2100 – жылда чөл жана жарым чөл зонасы 35% га өсүшү боюнча болжолдуу картасы) түзүү;

4). Жер ресурстарынын бүгүнкү күндөгү абалына геоэкологиялык баа берүү;

5). Азыркы климаттын өзгөрүүсүнө байланыштуу аймактын суу ресурстарына кайрадан жаңы шарттарда баалоо жүргүзүү;

6). Аймактын суу – жер ресурстарын коргоо жана сарамжалдуу пайдалануу үчүн атайын илимий түрдө иш аракеттердин негизин түзүү жана ошондой эле адаптация механизмдерин сунуштоо.

**4. Изденүүчүнүн диссертациядагы калыптанган ар бир илимий жыйынтыгынын (жоболордун), корутундусунун жаңылык даражасы.**

Алынган маалыматтардын жана изилдөөлөрдүн негизинде Баткен областынын суу - жер ресурстарына баа берүү жана андагы көйгөйлөрдү чечүү жолдору төмөнкү илимий жыйынтыктар менен аныкталды:

**1-жыйынтык.** Баткен областынын бийиктик алкактар боюнча суу - жер ресурстарынын түзүлүшүн географиялык мыйзам ченемдүүлүгүн

аныктоодо аймактын физикалык-географиялык шарттары негизги фактор катары көрсөтүлдү;

**2-жыйынтык.** Суу ресурстары сандык жактан такталып, бүгүнкү күндө аймакта суу ресурстарынын жетишсиздиги боюнча баа берилди;

**3-жыйынтык.** ГИС (*GRASS GIS*) ыкмасынын негизинде төмөндөгү географиялык карталар (жылдык нымдуулуктун, жылдык буулануунун, атмосфералык жаан-чачындын, климаттын типтери, топурактын картасы, айыл чарбасынын жер ресурстарынын картасы, аймактын экологиялык картасы жана климаттын өзгөрүүсүнө карата Баткен областынын аянты 2100-жылга карата чөл жана жарым чөл зонасы 35% га өсүшү боюнча болжолдуу картасы) түзүлдү;

**4-жыйынтык.** Климаттын өзгөрүүсүнө байланыштуу чарбачылык жүргүзүүдө терс таасир аныкталып, тиешелүү сунуштар белгиленди;

**5-жыйынтык.** Азыркы климаттын өзөрүүсүнө байланыштуу аймакта жаңы заманбап технологияларды колдонуу зарыл экендиги аныкталып, жеке тиричилик жана чарбачылык жүргүзүүдө жаңыча көз карашты калыптандыруу маселелери каралды;

**6-жыйынтык.** Аймактын суу - жер ресурстарын коргоо жана сарамжалдуу пайдалануу үчүн атайын илимий түрдө иш аракеттерди туура пландоо менен бирге, илимий жактан тастыкталган адаптация механизмдери иштелип чыкты.

**5. Диссертацияда калыптанган илимий жоболордун, корутундулардын жана сунуштардын негиздүүлүк жана ишенимдүүлүк даражасы.**

Диссертант тарабынан жыйынтыктарды жана жоболорду негиздөө үчүн колдонулган фактылар менен усулдар иштин мазмунуна толук шайкеш келет.

**1-жыйынтык.** Баткен областына географиялык салыштыруу ыкманын негизинде, географиялык мыйзамченемдүүлүктөрдү эске алып, аймактын физикалык-географиялык шарттарынын негизги факторлору боюнча суу-жер ресурстары бийиктик алкактуулуктун негизинде өзүнчө аймак катары илимий түрдө аныкталган.

**2-жыйынтык.** Географиялык-гидрологиялык усулдун негизинде биринчи жолу илимий жактан М.И. Львовичтин суу балансынын теңдемеси боюнча Баткен областынын суу ресурстарына сандык жактан баа берилип, суу ресурстарынын жетишсиздиги аныкталды;

**3-жыйынтык.** ГИС (*GRASS GIS*) ыкмасынын негизинде Баткен областынын төмөндөгү географиялык карталар (жылдык нымдуулуктун, жылдык буулануунун, атмосфералык жаан-чачындын, климаттын типтери,

топурактын картасы, айыл чарбасынын жер ресурстарынын картасы, аймактын экологиялык картасы жана климаттын өзгөрүүсүнө карата Баткен областынын аянты 2100-жылга карата чөл жана жарым чөл зонасы 35% га өсүшү боюнча болжолдуу картасы) түзүлдү;

**4-жыйынтык.** Аймак үчүн иштелип чыккан адаптация механизмдери суу-жер ресурстарынын коргоо жана сарамжалдуу пайдаланууда илим жагынан тастыкталып, жергиликтүү фермер, дыйкандар чарба иштерин пландоодо өз жемишин берет.

**5-жыйынтык.** Климаттын өзөрүүсүнө байланыштуу каралып жаткан аймакта бүгүнкү мезгилдин талаптарына ылайык келген азыркы жаңы заманбап технологияларды колдонуу зарыл экендиги аныкталып, жеке тиричилик жана чарбачылыкта адам баласы үчүн суу-жер ресурстарын пайдаланууда жаңыча көз караштыкалыптандыруу маселелери каралып, бир катар сунуштар белгиленген.

**6-жыйынтык.** Аймактын суу-жер ресурстарын экологиялык жактан коргоо жана сарамжалдуу пайдалануу үчүн атайын илимий түрдө иш туура пландоо жана пайдалануу боюнча сунуштар берилип, климаттын өзгөрүүсүнө карата тастыкталган адаптация механизмдери иштелип чыккан.

Автордун жекече иштеп чыгуулары илимий адабияттардын обзору аркылуу аргументтелген жана жекече байкоолору, талдоолору аркылуу илимий жактан так далилденген.

**6. Тиешелүү актуалдык проблеманы, теориялык же колдонмо тапшырманы чечүү үчүн алынган жыйынтыктардын ички биримдигин жана багыттуулугун баалоо.**

Илимий иштин темасы анын мазмунуна дал келип, алынган жыйынтыктар ички биримдиги менен мүнөздөлөт. Изилдөөнүн жыйынтыктары диссертациянын максаттарына жана милдеттерине дал келет. Илимий иштин бардык бөлүмдөрү логикалык жактан өз ара тыгыз байланышта болгондуктан, олуттуу жыйынтыкталган изилдөө катары бааланат. Иштин ички биримдиги илимий деңгээлде так мүнөздөлгөндүктөн, диссертация алдыга коюлган максатка, милдетке жана изилдөөнүн аймагына дал келет. Конкреттүү усулдук базанын негизинде иштелип чыккан өзүнүн жеке чечимдери так, сунуштары, коюлган максатка жетүүдө жана илимий жыйынтыктарга дал келүүдө негиздүү.

**7. Диссертациянын негизги жоболорунун, жыйынтыктарынын жана корутундуларынын басылмалардагы жетиштүү толуктуулугу.**

Диссертациянын негизги жоболору илимий иш боюнча 13 илимий макала жарык көрүп, 9 макаласы КРнын ЖАКсы көрсөтмө берген илимий журналдарында жарыяланган.

**8. Авторефераттын диссертациянын мазмунуна шайкештиги.** Диссертациялык иштин мазмуну авторефератта толук чагылдырылган, кыргыз, орус тилинде бирдей мааниге ээ.

**9. Диссертациялык иштеги кемчилдиктер жана сунуштар.** Илимий иш айрым кемчилдиктерден алыс эмес, алар төмөнкүлөр:

1. Текстте техникалык жактан орфографиялык каталар кездешет.

2. Иштин экологиялык маанисинин талдоосун, ошондой эле изилденип жаткан аймактын азыркы экономикалык абалын таблица ирээтинде берсе жакшы болмок.

Жогорудагы кемчилдиктер ишке таасирин тийгизбейт, аларды келечектеги изилдөөлөрдө эске алуу зарыл.

**10. Диссертациянын Кыргыз Республикасынын Президентине караштуу Улуттук аттестациялык комиссиянын "Илимий даражаларды ыйгаруу тартиби жөнүндөгү" жобосунун талаптарына шайкештиги.**

Орозалиев Алымкул Абдикеримовичтин "Баткен областынын суу - жер ресурстарынын колдонулушун баалоо, коргоо жана анын көйгөйлүү маселелери" деген темада 25.00.36 – геоэкология адистиги боюнча география илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган диссертациясын окуп чыгып, И.Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университети менен Ош мамлекеттик университетине караштуу география илимдеринин доктору (кандидаты) окмуштуулук даражасын ыйгаруу боюнча түзүлгөн Д.25.24.698 диссертациялык кеңешинде ачык коргоого сунуш кылам. Диссертация алгачкы жолу жаңы теориялык багытта жазылган иш. Диссертация КР Президентине караштуу Улуттук комиссиянын талабына толук жооп берет. Ал эми изденүүчү талап кылган даражага татыктуу.

**Расмий оппонент,**

**г.и.к., доцент** **А.К. Култаева**

ОШ ТЕХНОЛОГИЯЛЫК УНИВЕРСИТЕТИ
КОЛУН ТАСТЫКТАЙМЫН
Кадрлар бөлүмүнүн башчысы
Алиева Алтынай Камаловна
«03» 04 2025-ж.

КАДРЛАР БӨЛҮМҮ
ОТДЕЛ КАДРОВ
ИНН 02305199610027

Д 25.24.698 диссертациялык кеңештин

окумуштуу катчысы, г.и.к., доцент Д.Т. Солпуева

"4" 04 2025-жыл

И. АРАБАЕВ атындагы КЫРГЫЗ МАМЛЕКЕТТИК УНИВЕРСИТЕТИ
КЫРГЫЗСКИЙ ГОСУДАРСТВЕННЫЙ УНИВЕРСИТЕТ им И. АРАБАЕВА
КОЛ ТАМГАСЫН ТАСТЫКТАЙМЫН
ПОДПИСЬ ЗАВЕРЯЮ